Базар-Коргон шаардык кеңешинин «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо,регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясынын №4-отурумунун №1-протоколу

_____ 2026-ж **Базар-Коргон ш.**

Отурумга катышкандар:

1. Аскар кызы Жанаргүл **2.** Юсупов Зайнабидин Абдумухтарович

3. Жалилов Арзубек Турсунбаевич 3. Мусамбетов Байкал Ботобекович

КУН ТАРТИБИ:

Базар-Коргон шаардык кенешине Базар-Коргон райондук администрациясынын 24.09.2026-жылдын №10-05/2488 сандуу, 29.09.2026-жылдын №10-05/2528 сандуу жана Базар-Коргон шаарынын мэри Э.М.Соронбековдун 01.10.2026-жылкы №01-30/135 сандуу каттары Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы К.Анарбековго жазылып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин төрагасы К.Анарбеков тарабынан виза менен «Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясына чыгарылган. Каттарда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы №309 "Кезектеги V-Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлыгына жана IV Элдик Курултайдын Улуттук Кеңеши тарабынан 2025-жылдын 25-декабрында кабыл алынган "Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө" жобого ылайык иштелип чыгып бекитилген үлгүлөрдүн №№ 1-6 тиркемелин колдонууга жөнөтүлгөнү айтылган.

Депутат Аскар кызы Жанаргүл сөз сүйлөп, ар жылы өтүүчү Элдик Курултай боюнча быйыл да Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы чыкты. Ал №309 "V-Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө" Жарлык, 2026-жылдын 3-сентябрь күнү менен чыкты. Кыргыз Республикасы боюнча бүт аймактарда өтүүчү кампания. Быйыл бешинчи жолу өтөт Элдик Курултай. Так мөөнөттөрү коюлган. Базар-Коргон шаарынын бөлүнгөн бөлүктөрүндө жарандардын жыйындары 3 күндө өтүп бүтүш керек 8-октябрдан 16октябрга чейинки аралыкта, Элдик Куултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйыны 26-октябрь күнү өтүш керек Кыргызстан боюнча бир күндө. Ал эми Бишкекте 18-19-декабрда өтөрүн айтып кетти.

Депутат Жалилов А. да сөз сүйлөп, ошондуктан Базар-Коргон шаардык кеңешинин депутаттары өздөрүнө тиешелүү, бөлүнгөн участкаларда Элдик Курултай боюнча жумуштарды так, өз убагында, жоопкерчиликтүү аткаруу керек экендигин айтты.

Жыйынтыгында Базар-Коргон шаардык кенешинин ««Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана депутаттык этика» боюнча туруктуу комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Базар-Коргон шаардык кеңеши 06.10.2026-жылдан кечиктирилбей кезексиз сессия чакыртылып, "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 11 беренелерине, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3–сентябрындагы №309 жарлыгын аткаруу максатында V Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Базар-Коргон шаарына бөлүнгөн бөлүктөрдө жарандардын жыйындарын жана жергиликтүү коомдоштугунун жыйынын өткөрүү жөнүндө чечимди кабыл алуу жагы жалпы сессияга сунуштасын.
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 3-сентябрындагы №309 Жарлыгын аткаруу максатында кабыл алуучу чечимдин ичинде төмөнкүлөр бекитилсин:
   -уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын бекитүү;
   -жергиликтүү коомдоштуктун жыйынынын катышуучуларын аныктоо максатында шаардын аймактарын коомдук өз алдынча башкаруу принциби боюнча жергиликтүү коомдоштуктун жыйынына катышуучулардын санынын квотасын бекитүү;

-коомдук өз алдынча башкаруулар боюнча жарандардын жыйындарын өткөрүүнүн графигин жана ага жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарын, жумушчу топтун мүчөлөрүн бекитүү.

3. Көзөмөлдөө жагы төраганын орун басары Д. Хамиткуловага жүктөлсүн.

Комиссиянын төрайымы: Аскар кызы Ж.

Мүчөлөрү: З.Юсупов А. Жалилов

Б. Мусамбетов Т.Масиров